## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 373.3**

***Көлбаева Г.И.*** **-** *ОГПИ*

# *Башталгыч класстын окуучуларын жазуу маданиятына үйрөтүү*

***Аннотация***

*Бул макалада башталгыч класстардын окуучуларын жазуу маданиятына -үйрөтүү маселеси каралат.*

*В этой статье рассматриваются проблемы обучения учаүихся начальных классов культуре письма.*

*In this article to regard problems in order to taught primary schools culture writer.*

Кол жазманын күзгүсү - бул таза жазуу. Жазуу адамзаттын өнүгүүшүндөгү зор табылгалардын бири. Оозеки тил карым-катнаш процессинде мезгилдик жана мейкиндик жактан чектелген болсо, жазуу аркылуу ой-пикирди эң алыскы аралыктарга да, кийинки урпактарга да түбөлүк калтырууга болот. Жазуунун жардамы менен адамзат өзүнө чейин кылым санап түзүлгөн руханий дөөлөттөрдү өздөштүрөт жана өзү жараткандарды укумдан-тукумга мурастаганын тарых далилдеп турат десек болот. Белгилүү методист, окумуштуу С.Рысбаев мындай дейт: «Адамдын билимдүүлүгү - маданияттуулугунун бир белгиси деп эсептелген болсо, анын сабаттуулугу-билимдүүлүгүнө эшик ачкан алгачкы кадам. А адам сабаттуу жана билимдүү гана болбостон, рухий дүйнөсү бай, ички маданияты кең болушу үчүн кам көрүү башталгыч мектептен баштап эле окутуу-тарбиялоонун эө негизги факторлорунан болуп саналат». [1; 3-бет] Чындыгында эле жазуу демекчи, бизде туура, таза, сулуу жазуу ишине анча маани берилбей келет. Кээ бир кызматтагы адамдар же башка адамдар болобу кол жазмаларын көрсөң аябай начар. Эмне үчүн деген суроо туулат? Себеби 1-классында таза жазууга көңүл бурулган эмес. Ошондуктан таза жазуунун ыгына үйрөтүү-графикалык машыгуу көүгүүлөрүн туура жана системалуу өткөрүүгө таандык. Анткени балдарды 1-класстан баштап таза жазууга үйрөтүү менен бирге, аларды машыгуунун тийиштүү деңгээлине жетиштирүү талап кылынат. Башталгыч мектептин окуучуларын туура, сулуу жазууга каллиграфиялык стиль боюнча жазуунун билимдерине көнүктүрүү - эң олуттуу жана машакаттуу иш. Бул - мугалимден абдан чымыркanып иштөөнү жана дайыма көнүгүүлөрдү жүргүзүп турууну талап кылат. Мектеп практикасында жакшы жазылган жазуу балдардын сабаттуулугуна да таасирин тийгизе тургандыгы бизге белгилүү. Ошондой эле жакшы жазылган жазууну окуу да жеңил болот, ошону менен коомдук турмуштун бардык тармагындагы адамдардын жазуу жүзүндө кеңири байланышына жакшы өбөлгө түзөт. Жакшы жазган окуучу жазуу иштерин аткарган убакта кызыгып, ынтаасын коюп жазат, ошондуктан ал катаны да аз жиберет. Мугалим жазуу иштерин таза жана так аткарууга үйрөтүү менен бирге окуучуларды өзүлөрүнүн эмгегин баалай билүүгө, аткарып жаткан тапшырмага жоопкерчилик менен мамиле кылууга, тазалыкты сактоого жана тартиптүүлүккө тарбиялайт. Мына ошондуктан, мугалим
окуучуларды дайыма таза, даана жана тез жазууга үйрөтүүгө тийиш, анткени ар бир окуучунун окуудагы ийгилиги белгилүү бир деңгээлде анын таза, жана туура жаза билишине байланыштуу болот. Жазууга үйрңтүүнүн алгачкы мезгилинде баланын ар бир кыймылы мугалим тарабынан толук контролдукка алынып турулса да тамгаларды

туура эмес жазып койгон учурлар да кездешпей койбойт. Мындай абал жазуу процессинде бала колунун кыймылын башкара албагандыгынан келип отурат. Балдардын жазуусу өтө туруксуз келет. Ар бир саптагы сөздөрдө бир эле тамганын улам кайталанып жазылышын ар түрдүү көрүнүштө жазып коөру практикада кездешет. Анткени жазуу учурунда аткара турган эрежелердин көптүгүнө байланыштуу, балдар өздөрүнүн көңүлүн бардык тапшырмаларга бирдей дэңгээлде бөлүштүрө алышпайт. Ошондуктан графикалык жумуштан тыбыштык-муундук талдоолорго өткөндө тапшырма бала үчүн оор болуп, жазуунун сапатынын кескин төмөнөшүнө алып келет. Ал өзүнүн катасын көрүп турса да мугалимдин көрсөткөн үлгүсүнө карабастан аны оөдой албайт. Мындай учурда мугалим баланын колунун кыймылына кңө салат, колду кайсы жакты көздөй жылдыруу керек экенин айтып турууга, кээде баланын колун өз колу менен кармап, анын жазылышына жардам берүүгө туура келет. Бул болсо, тигил же бул тамганы жазууда кандайча күч-аракет жумшоо керектиги баланын сезимине мүмкүнчүлүк берет. Жазууга үйрөтүүнүн башталышында жазуунун ылдамдыгы анчалык тез болбойт. Бала тамганы таасындап туура жазууга тырышат, кол жай жана анчалык ишенимдүү эмес кыймыл жасайт. Акырындык менен жазуунун темпи күч алып отурат да жазууга үйрөтүүнүн биринчи жылынын акырында ал темп бир нече эсе өсүүгө жетишет. Демек, алиппе мезгилинде эле жазууга үйрөтүүдө кемчилдиктерди өз убагында жоюу менен, жазуунун ыкмасынын калыптанышын дагы жогорураак деңгээлде өздөштүрүүнүн үстүндө иш алынып барылууга тийиш. Эгерде окуучу тамганын айрым элементтерин, же тамганы жазуу менен токтоло калгысы келген учурларга мугалим жол бербестен, калем учту кагаздан жана тамгаларды улаштырып жазуудан ажыратпастан туруп, бүтүндөй муунду, же сөздү толук жазууга үйрөнүп адаттануусун талап кылуу керек.

Таза жазуунун зор мааниси бар экендигине орустун атактуу педагогу К.Д.Ушинский көп көңүл бурган. Ал, орфографиянын алгачкы ыктырына үйрөтүүдө мугалимге зор роль таандык экендигин көрсөткөн. Ушул эле ойду советтик педагогдор да андан ары өнүктүрүп келген. [2;244] Мурда психологдордун жана методисттердин көпчүлүгү орфографиялык билимдин негизинде көрүү кабыл алуусу жана жазгандарды эстеп калуу жатат дешчү. Экинчи бирөөлөрү кол менен көрсөтүү, үчүнчүлөрү угуу жана сүйлөө кабыл алуусуна көңүл буруп келишкен. Азыркы илим орфографияны өздөштүрүүдө көрүүнүн кабыл алуусунун маанисин жокко чыгарбайт. Көп окуган, көптү байкаган окуучулардын жакшы жазары бизге белгилүү, анткени алар окуп жатканда сөздөрдүн жазылышын көрүп отуруп байкап калат жана мындай окуулар андан кийин грамматикалык жана орфографиялык тыянактар үчүн материалдарды берет.

Жазууга жана жазуу эрежелерин өткөндө окуучудагы көрөгөчтүк жана эсти өстүрүү өтө керек. Көрүүнүн жардамы аркасында гана окуучулар эрежеге баш ийбеген кээ бир сөздөрдүн ошондой эле татаал сөздөрдүн жазылышын өздөштүрө алат. Окуучулар окуп жаткан тексттеринен ошондой татаал сөздөрдү кездештирет, мугалим алардын жазылышына көңүл бурат, класска ага окшогон сөздөрдүн тизмеси илинент, окуучулар сөздүктөргө жана справочниктерге карап,алардын жазылышын тактайт. Ошондой эле сабаттуу жазууга үйрөнүүдө колдун кыймылы чоң роль ойнойт, анткени колдун жардамы менен гана ар түрдүү көнүгүүлөр жазылат. Жакшылап ынтаа коюп угуп,окуп, эрежени үйрөнгөн окуучу өзү жазып көнүкпөсө, анда туура жазууга үйрөнө албайт. Жазууда анын ритми да маанилүү мааниге ээ. Ошол себептен тынбай жазуу керек, жазганда да бир тамгадан жазбастан, сөздөрдү бүтүндөй же муунга бөлүп жазуу керек. Ошондо бир жагынан көрүп, экинчи жагынан колдун ритмикалуу кыймылдап жазуусунун натыйжасында айрым графикалык образдар эсте калат. Кимде – ким текстен карап туруп көп жана туура көчүрүп жазууга көнүксө, ал аз жана туура эмес жазган окуучуга караганда

сабаттуу болот. [3;45-бет]

Жогорудагы мисалдын негизинде сабатуу жазууга көмөктөшүү шарттарга токтолуп өтөлү:

1. Окуучу жаза турган маанисин адагенде түшүнүп алууга тийиш, маанисин түшүнбөс туура эмес жазып алышы ыктымал. Мугалим окуучунун сөздүн маанисин түшүгөндүгүнө күчү жеткенде гана жаздырышы керек.

2.Сөздүн туура окулушуна жана дептерге туура жазылышына, анын грамматикалык формаларына жакшылап көңүл буруп, окуучуларга окуп көр, эсте, эстегениңди жаз, ук, этият болуп жаз өңдүү талаптарды коюп, каталардын үстүндө кылдаттык менен аларды иштетип, окуучуларды өз бетинче иштөөсүн өстүрүп жана активдүүлүгүн күчөтүү керек.

3.Сүйлөмдөрдү жана айрым сөздөрдү окуучуларга системалуу түрдө талдатып, уңгулаш сөздөрдү таптырып, сүйлөмдөрдү жана сөз тизмектерин түздүрүп сөздөрдөгү окшоштуктарды жана айырмачылыктарды талдатуу, суроолорго жооп алуу алардын ой жүгүртүүсүн өстүрүп, материалды өздөштүрүүгө жардам берет. 4.Орфографиялык көнүгүүлөрдү (көчүрүү, жат жазуу) речтик көнүгүүлөр менен (изложение, сочинение) кезектештирип өткөрүп туруу керек, анткени речтик маданияттын деңгээли орфографиялык сабаттуулук менен байланышта болот. Ошондуктан, тыбыштык-тамгалык анализди, сөздүн составына байланыштуу көнүгүүнү, сөз түркүмдөрүнө жана синтаксис менен байланыштуу речке тиешелүү көнүгүүлөрдү бирдей деңгээлде жана системалуу өткөрүп туруш керек. Эгерде көнүгүүлөрдү бир жактуу гана же фонетикага же морфологияга байланыштуу өткөрсөк, анда тилдик башка материалдарды эстен чыгарып, жазылышын билбей калат.

5.Грамматикалык көнүгүүлөргө таянган орфографиялык көнүгүүлөрдү сөздүк-орфографиялык жумуштар менен кезектештирип жүргүзүү керек. Ар бир окуучунун материалды начар билип, тиешелүү сөздүктөрдү таап, аларды ошол кемчилдиктерин жойдурганга чейин иштетип, сабаттуулугун жогорулатуу керек. 1-жана 2-класстарда колдонгон сөздөрдү 1-класста да колдонбостон, улам жаңылап турууга тийиш.

6. Орфографиялык жана башка речтик каталарды эскертип туруш сабаттуулукту көтөрүүгө жардам бербей койбойт. Жазуу боюнча үйгө берилген тапшырмалардын катасыз аткарылышын, жазыла турган иштин жана жазылгандардын каталарын текшертүү, кетирген каталарын жойдуртууга чейин иштетүү, акырындык менен бир эмес бир нече сабакта даярдануу, изложение жана сочинениелерди жаздыруу ж.б. баары чыгармачылык мүнөздөгү жазуу иштерин сабаттуу жазууга шарт түзөт.

7. Дагы бир сабаттуулукка жетишүүдөгү негизги шарт-системалуу түрдө билим алуу, улам өтүлгөндөрдү бири-бири менен байланыштырып, бир бүтүн нерседей карoo.

8. Жазылышы менен айтылышы ар башка болгон сөздөрдү дайыма түшүндүрө жүрүү да негизги шарттардан болуп саналат. Аны иш жүзүндө, көнүгүүлөрдү иштетип, окуучуларга түшүндүрүүгө, эстеринде калтырууга аракеттенүү керек. Андай сөздөрдүн жазылышын сөздүктөргө салыштырып текшерттирүү өтө пайдалуу.

9.Орфографиялык жөндөмдүүлүк, навык өтө узак мезгилди жана ар түрдүү көнүүгүүлөрдү талап кылат. Андай узак мезгилге созулган көнүгүүлөрсүз билим жаралбайт. [3;246-247]

Демек, окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга жогорудагы айтылган сыяктуу көнүгүү жумуштары мугалимдин күндөлүк аткарылуучу иш-аракеттеринин негизгилеринен болуп калганда гана жетишүүгө болот.

***Адабияттар***

1. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жатжазуу жумуштарын жүргүзүүнүн технологияларын өркүндөтүү. Бишкек 2010-жыл.
2. *С.П.Редозубов,* «Методика русского языка в начальной школе» Учпедгиз,1955,стр 244
3. *(Б.Үмөталиева, К.Сартбаев, Ж.Жакыпов* «Педагогикалык окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун методикасы» Мектеп 1980-ж 45-бет)
4. Жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Фрунзе, «Мектеп»,1972-жыл.
5. Таза жазуунун зарылдыгы. Кутбилим газетасы №8(93) август, 2007-жыл.